**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

"Щит и Меч "Защита" күзөт-детективдик агенттиги" жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн "Долг-Сервис" ЮК" ЖЧКнын башкы директору Александр Александрович Шичаниндин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 26-октябрындагы аныктамасына даттануусу боюнча

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 18-январы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Д.Б. Алиевдин катышуусунда "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, "Щит и Меч "Защита" күзөт-детективдик агенттиги" жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн "Долг-Сервис" ЮК" жоопкерчилиги чектелген коомунун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 26-октябрындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана "Щит и Меч "Защита" күзөт-детективдик агенттиги" жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн "Долг-Сервис" ЮК" жоопкерчилиги чектелген коомунун өтүнүчүндөгү материалдарды изилдеп чыгып, судья-баяндамачы Л.Ч. Жолдошеванын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын

Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 28-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна “Щит и Меч “Защита” күзөт-детективдик агенттиги” жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары – “Щит и Меч “Защита” ЖЧК) кызыкчылыгын көздөгөн “Долг-Сервис” ЮК” ЖЧКнын башкы директору А.А. Шичаниндин “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 129-беренесинин 1-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2022-жылдын 19-октябрындагы чечими менен “Щит и Меч “Защита” күзөт-детективдик агенттиги” жоопкерчилиги чектелген коомунун акчалай карызды өндүрүү жөнүндө “Брок Сервис” жоопкерчилиги чектелген коомуна доо арызы канааттандырылган. Апелляциялык тартипте биринчи инстанциядагы соттун чечими өзгөртүүсүз калтырылган. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 31-июлундагы токтому менен биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун соттук актылары жокко чыгарылып, иш кайрадан кароого жөнөтүлгөн.

Бишкек шаарынын Октябрь райондук сот аткаруучулар кызматтык бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 7-августунда “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамдын 129-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык 142 920 (бир жүз кырк эки миң тогуз жүз жыйырма) сом өлчөмүндөгү аткаруу жыйымын “Щит и Меч “Защита” күзөт-детективдик агенттиги” ЖЧКдан өндүрүү жөнүндө токтом чыгарылган.

Арыз ээсинин пикири боюнча, аткарылууга тийиш болгон, мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысы жок болгон учурда аткаруу жыйымын өндүрүү

алдын ала жана негизсиз болуп саналат, ошондой эле жарандардын жана юридикалык жактардын конституциялык укуктарын бузат.

Кайрылуу субъектиси өтүнүчтө өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө адамдын башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбастан өз укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруусунун зарылдыгын караган конституциялык ченемдерге (53-березенин 1-бөлүгү), мамлекеттин Конституцияда жана мыйзамдарда бекитилген тартипте жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу милдетине жана адам укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алынбашы керектигине (56-березенин 1, 2-бөлүктөрү), Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринде каралган ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого кепилдигине, ар бир адамдын өз укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана аларды мыйзамда тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар менен калыбына келтирүүнү камсыз кылуу укугуна (61-березенин 1, 2-бөлүктөрү) шилтеме жасайт.

Баяндалганды эске алуу менен, кайрылуу субъекти талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 26-октябрындагы аныктамасы менен "Щит и Меч "Защита" күзөт-детективдик агенттиги" ЖЧКнын кызыкчылыгын көздөгөн А.А. Шичаниндин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Аныктамада "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда ишти кароого, талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасиринин конституциялык жоболор менен шайкештигинен, арыздануучунун логикалык түзүлгөн

позициясына негизделип, укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр менен бекемделип, табылган аныксыздык же күмөн саноо негиз болоору белгиленген.

Бирок, берилген кайрылууда талашылып жаткан ченем менен анын конституциялуулугунда айкын күмөндүүлүктү жараткан, өтүнүчтүн баяндоочу бөлүгүндө көрсөтүлгөн Конституциянын жоболорунун ортосунда системалуу байланыш байкалбайт. Андан тышкары, кайрылуу субъекти өзүнүн талаптарында талашылып жаткан ченемдин кайсы конституциялык ченемдерге ылайыктуулугун текшерүү зарыл экендигин көрсөткөн эмес.

Судьялар коллегиясы кайрылууда ошондой эле кайрылуучунун коюлган маселе боюнча позициясы жана анын укуктук негиздемеси көрсөтүлбөгөндүгүн белгилейт, бул Конституциялык сотко кайрылууну түзүүдө маанилүү талаптардын бири болуп саналат (конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пункту). Мындай талап арызлануучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болууга, конституциялык жоболор менен системалуу байланышта болууга жана ал талашып жаткан укук ченеминин жөнгө салуучу таасиринин конституциялуулугунда айкын күмөндүүлүктү жаратышы керек дегенди билдирет.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча анын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Судьялар коллегиясынын аныктамасына макул болбостон, 2023-жылдын 22-декабрында “Щит и Меч “Защита” күзөт-детективдик агенттиги” ЖЧКнын кызыкчылыгын көздөгөн А.А. Шичанин Конституциялык сотко даттануу менен кайрылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин

жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн өлкөнүн Негизги мыйзамы жеке жана юридикалык жактар мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө суроо-талап менен конституциялык контролдоо органына кайрыла ала турган белгилүү шарттарды белгилейт. Бул конституциялык белгилөөнүн маңызы кайрылуунун субъектиси тарабынан талашылып жаткан ченемдин Конституциянын экинчи бөлүмүндө белгиленген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин тикелей (конкреттүү) же мүмкүн болуучу (абстракттуу) бузуусу жөнүндө өзүнүн жүйөлөрүн укуктук негиздөөнүн зарылдыгында турат.

Демек, конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы катары конституциялык контролдоо органы болуп саналган Конституциялык сотко мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө суроо-талап менен кайрылууда арыз ээлери кайрылууну тариздөөгө коюлган талаптарды сактоого милдеттүү (“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 27, 28-беренелери).

Бул талаптарды так сактоо конституциялык өндүрүштү козгоонун, конституциялык текшерүүнүн предметин жана анын чектерин аныктоонун объективдүүлүгүнүн кепилдиги болуп саналат.

Кайрылуунун мазмунуна карата милдеттүү шарттардын бири арыз ээсинин коюлган маселе боюнча өзүнүн позициясын берүү жана аны адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктерин бекемдеген Конституциянын ченемдери менен системалуу байланышта укуктук негиздөө болуп саналат, алар арыз ээсинин пикири боюнча талашылып жаткан ченемдин күчү менен бузулуп жатат (“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 9-бөлүгүнүн 9-

пункту).

Бирок арызденуучунун жүйөлөрү мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысы жок болгон учурда андан өндүрүп алуучу катары аткаруу жыйымын өндүрүп алуу фактысын баяндоо менен гана чектелет, бул анын пикири боюнча алдын ала жана негизсиз болуп саналат. Өзүнүн кайрылуусунун контекстинде арыз ээси анын конституциялык укуктарынын бузулушунун маңызын ачып бере турган ынанымдуу аргументтерди келтирген эмес. Мындан тышкары, арызденуучу талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерин туура көрсөткөн эмес. Атап айтканда, “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 129-беренесинин 1-пункту” деп көрсөткөн, ал эми мындай түрдөгү түзүмдүк элемент көрсөтүлгөн беренеде жок.

Конституциялык сот коюлган маселеде укуктук мүнөздөгү көйгөйлөрдүн болушунун мүмкүндүгүн четке какпайт, бирок текшерүүнүн предметинин конституциялык ченемдер менен шартталган негиздемеси жана тактык жок болгон учурда кайрылуунун субъектисинин ой-пикирлерин өзүнүн кароосу боюнча чечмелей албайт деп эсептейт.

Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасы процесстик мүнөзгө ээ. Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот кайрылууда келтирилген аргументтердин жана талаптардын, ошондой эле даттануудагы анын тыянактарын четке каккан жүйөлөрдүн алкагында гана судьялар коллегиясынын тыянактарына мындай аныктаманы кайра кароо тартибинде укуктук баа берет.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арызденуучунун кайрылуусу формасы жана мазмуну боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбегендиги тууралуу судьялар коллегиясынын тыянагы негиздүү деп эсептейт жана, тиешелүү түрдө анын 2023-жылдын 26-октябрындагы аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиз

тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. “Щит и Меч “Защита” күзөт-детективдик агенттиги” жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн “Долг-Сервис” ЮК” ЖЧКнын башкы директору Александр Александрович Шичаниндин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 26-октябрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**